КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖОГОРКУ СОТУНУН
**БЮЛЛЕТЕНИ**

**БЮЛЛЕТЕНЬ**
ВЕРХОВНОГО СУДА
КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

№2 (72)
2023-ж.

1991-ЖЫЛЫ ЯНВАРДА
НЕГИЗДЕЛГЕН

ОСНОВАН В ЯНВАРЕ
1991 ГОДА

---

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:
РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ:
Давлетов А.А.
(коллегиянын төрагасы,
юридика илимдеринин доктору)
(председатель коллегии,
доктор юридических наук)

Коллегиянын мүчөлөрү:
Члены коллегии:
Чаргынова Т. Т.
Токтомамбетов К.Б.
Аманалиева Б.К.
Мамыров Э. Т.
Кадырова А. С.
Мамытканова Ч. Дж.
Дүйшенова Э.М.

---

# М А З М У Н У
# С О Д Е Р Ж А Н И Е


“Кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо менен байланышкан талаштарды чечүүдө мыйзамдарды колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2021-жылдын 24-ноябрындагы №14-токтому........................4

Постановление Пленума Верховного суда Кыргызской Республики «О некоторых вопросах применения законодательства при разрешении споров, связанных с регистрацией прав на недвижимое имущество» от 24 ноября 2021 года №14...........................................................11

“Соттун чечимин аткарууну кийинкиге жылдыруу, созуу, аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү тууралуу арыздарды кароодо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуудагы айрым маселелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2021-жылдын 24-ноябрындагы №15-токтому......................................................................18

Постановление Пленума Верховного суда Кыргызской Республики «О некоторых вопросах применения законодательства Кыргызской Республики при рассмотрении заявлений об отсрочке, рассрочке, изменении способа и порядка исполнения решения суда» от 24 ноября 2021 года № 15.........................................................................................................................23

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму жөнүндө
О Пленуме Верховного суда Кыргызской Республики...........................................................28

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары А.А. Давлетовдун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматы.......................................................................29

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басарынын милдетин аткаруучу А.А. Токбаеванын административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматы.............................................38

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төраганын орун басары Н. Мусаевдин жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматы.......................................................................46

“Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы №8-токтому....................................................50

Постановление Пленума Верховного суда Кыргызской Республики «Об утверждении состава Научно-консультативного совета при Верховном суде Кыргызской Республики» от 25 февраля 2022 года №8...........................................................................................54

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2021-жылы каралган иштери боюнча маалымат (2020-жылга салыштырмалуу)..........................................................................58

Информация о работе Верховного суда Кыргызской Республики за 2021 год (в сравнении с аналогичным периодом 2020 года).............................................................................65

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун 2021-жылы каралган иштери боюнча салыштырмалуу маалымат (2020-жылга салыштырмалуу)....................................................71

Информация о работе местных судов Кыргызской Республики за 2021 год (в сравнении с аналогичным периодом 2020 года)...........................................................................................108

XII съезд судей Кыргызской Республики........................................................................143

Встреча Президента Кыргызской Республики Жапарова С.Н. с судейским корпусом Кыргызской Республики..........................................................................................................145

Доклады участников международной конференции «Независимость судебной власти в контексте конституционных реформ», прошедшей в г.Бишкек 16 сентября 2022 года............148

Кутман курагыңыздар кут болсун!...........................................................................223

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2021-жылдын 24-ноябры Бишкек шаары

## №14
## Кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо менен байланышкан талаштарды чечүүдө мыйзамдарды колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө

Административдик иштерди кароодо кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамдарды колдонууга байланышкан соттук практика-да пайда болуучу маселелерди эске алуу менен, ошондой эле туура жана бирдиктүү сот практикасын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 18-бере-несин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму токтом кылат:

**1.** Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо менен байланышкан мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси (КР ГК), Кыргыз Республикасынын Жер кодекси (КР ЖК), “Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекет-тик каттоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (мындан ары – “Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамы), “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Кыргыз Республика-сынын Мыйзамы (“Административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамы), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы № 49 токтому менен бекитилген “Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелери” (№49 Эреже), Кыргыз Республикасынын Өкмө-түнүн 2010-жылдын 8-декабрындагы № 311 токтому менен бекитилген “Жер участогуна болгон укукту күбөлөндүрүүчү документтерди тариздөө жана берүү тартиби тууралуу жобо” (№311 Жобо) жана башка нормативдик укуктук актылар менен жөнгө салынарына соттордун көңүлү бурулсун.

**2.** Каттоо тутуму кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү Мамлекеттик каттоо жөнүндө Мыйзамына ылайык катталган мүлктүк укуктарды мамлекеттик таанып-билүүчү жана буюмдук мамилелердин ошондой эле кыймылсыз мүлк жана аны менен болгон бүтүмдөр рыногунун өнүгүшүнө көмөктөшүү максатын көздөйт.

Менчик укугу жана башка кыймылсыз буюмдарга болгон буюмдук укуктар, бул укуктарды чектөө, алардын келип чыгышы, башкага өзгөртүлүшү жана токтотулушу бирдиктүү мамлекеттик реестрде мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш. КР ГК 25-беренесине жана “Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-беренесине ылайык

төмөнкүлөр милдеттүү катталууга жатат:

- менчик укугу;
- чарба жүргүзүү укугу;
- оперативдүү башкаруу укугу;
- (мөөнөтүн көрсөтпөстөн) жер участогун пайдалануу укугу;
- ипотекадан, анын ичинде мыйзам күчүнөн улам келип чыгуучу ипотекадан же күрөөдөн келип чыгуучу укук;
- убактылуу пайдалануу укугу, үч жана андан ашык жылга ижаралоо, көмөкчү ижаралоо укугу;
- сервитуттар (“Мамлекеттик каттоо жөнүндө" КР Мыйзамдын 6-статьясында көрсөтүлгөндөрдөн башка);
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик актыларына ылайык кыймылсыз мүлккө жайылтылуучу чектөөлөрдөн тышкары кыймылсыз мүлктүн өзүнчө бирдигине долбоорлоо, куруу жана пайдалануу укуктарын чектөө;
- соттун чечиминен келип чыгуучу укуктар;
- тизмеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жаратылышты пайдалануу укуктары;
- КР Граждандык кодексине жана КР башка мыйзамдарына ылайык азыркы учурда жана келечекте катталуучу башка укуктар;
- мүлктү легалдаштырууда пайда болуучу укуктар.

“Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 7-беренесинин 1-жана 2-бөлүктөрүнө ылайык укуктар же аларды чектөө жөнүндө, кандай гана болбосун, укук белгилөөчү же башка документ, ал түзүлгөн учурдан тартып отуз күндөн кечиктирилбей каттоо органына берилет. Эгерде документ түзүлгөн учурдан отуз күн өткөндөн кийин берилсе, анда каттоо акысынан тышкары дагы создуккан ар бир күнгө туум кошуп эсептелинет, анын өлчөмү жана төлөө тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

“Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 7-беренесин ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2002-жылдын 3-майында N 267 токтом кабыл алынып, аны менен “Кыймылсыз мүлккө укуктарды өз убактысында каттабагандыгы жана укуктарга чектөө коюлгандыгы үчүн пеняларды эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө Нускама” бекитилген.

**3.** Эгерде мыйзамдарда административдик актыларга, административдик органдардын аракеттерине (аракетсиздигине) сотко чейинки даттануу тартиби белгиленсе, анда мындай актыларды соттук талашуу ушул тартип сакталгандан кийин гана мүмкүндүгүн соттор эске алуусу керек (КР Административдик-процесстик кодексинин 5-беренесинин 4 бөлүгү (мындан ары – КР АПК), “Административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамынын 62-беренеси).

Административдик актыга административдик тартипте даттануу даттанылган административдик актыны кабыл алган административдик органга же жогору турган административдик органга берилиши мүмкүн.

Административдик органдын же кызмат адамынын аракетине же аракетсиздигине даттануу жогору турган административдик органга же жогору турган кызмат адамына берилет.

Жогору турган административдик орган же жогору турган кызмат адамы болбогондо, административдик органдын

аракети же аракетсиздиги сот тартибинде даттанылат.

Ал эми “Административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамынын 62-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык баардык эле административдик актылар, административдик органдын аракети же аракетсиздиги административдик (сотко чейинки) тартипте даттаныла бербейт. Талашты сотко чейин жөнгө салуу тартиби төмөнкү учурларда талап кылынбайт:

- эгерде арыздын негизинде козголгон административдик жол-жобо мыйзам менен белгиленген убакытта ыйгарым укуктуу административдик орган тарабынан административдик акт кабыл алынбаса, анда арызданууучу административдик органдын аракетсиздигине мыйзам менен каралган тартипте же сот тартибинде даттанууга укуктуу (“Административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамынын 44-беренеси).

- эгерде административдик актынын жокко чыгарылышы менчик ээсинин эркинен тышкары мүлкүн алып коюуга алып келиши мүмкүн болсо. Мындай учурда административдик акт сот тартибинде анык эмес деп таанылат (“Административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамынын 57-беренесинин 3-бөлүгү).

Мындан тышкары, соттор талаштарды кароодо КР ЖКнин 119-беренесине ылайык жер участогун берүүгө, алып коюуга жана укукту токтотууга байланыштуу жер талаштары сот тарабынан гана чечилерин эске алышы керек.

Жыйынтыктап алганда, жогоруда белгиленген категориядагы талаштар боюнча талашты сотко чейин жөнгө салуунун тартиби талап кылынбайт, калган баардык учурларда мындай тартиптин сакталышы талап кылынат. Мисалы, документтерди кабыл алуудан баш тартуу, каттоону токтотуп туруу, алдын ала каттоо жүргүзүү, жерге жайгаштыруу иштерин жана жер участогуна укукту күбөлөндүрүүчү документтерди тариздөөдөн баш тартуу, кандайдыр бир документтерди камсыз кылууга байланышкан кат алмашуулар ж.б. каттоо органдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) даттануулар боюнча талаштар (№49 Эреженин 4 параграфынын 17-п., №311 Жобонун 19-1,19-2, 19-3 п.) административдик жол-жоболор тартибинде алдын ала кароону талап кылат.

**4.** Административдик органдар “Административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамы күчүнө киргенге чейин чыгарылган административдик актыларды административдик жол-жоболордун тартибине ылайык кайрадан карап келишкендигине байланыштуу “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык ченемдик укуктук актынын колдонулушу ал күчүнө киргизилгенге чейин келип чыккан мамилелерге карата жайылтылбаарын соттор эске алышы керек.

“Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2016-жылдын 18-майында күчүнө киргендигине байланыштуу, 2016-жылдын 18-майына чейинки пайда болгон укук мамилелерге көрсөтүлгөн Мыйзамдын ченемдери колдонулбайт жана Мыйзамдын талашты сотко чейинки тартипте жөнгө салуу бөлүгү ал күчүнө киргенден кийин чыгарылган актыларга гана жайылтылат.

Ушул себептен соттор админи-

стративдик жол-жоболордун чегинде кабыл алынган актыларды даттануу боюнча талаштарды кароодо административдик жол-жоболор тартибинде даттанылган административдик актынын кабыл алынган күнүнө дагы көңүл буруулары керек. Тактап айтканда, соттор административдик жол-жоболор тартибинде кабыл алынган административдик актынын датасына эмес, административдик актынын кабыл алынган же административдик жол-жоболор тартибинде даттанылган аракеттердин (аракетсиздиктин) жасалган күнүнө көңүл буруулары керек. Мисалы, административдик акт 2010-жылы чыгарылып, бирок арызданууч 2021-жылы административдик жол-жоболор тартибинде жогору турган административдик органга, андан кийин сотко кайрылууда, административдик даттануунун жогору турган административдик орган тарабынан каралган датасына шилтеме жасаганда.

**5.** Кыймылсыз мүлккө укук, тиешелүү укукту аныктоочу документтерди каттоодон өткөргөндөн кийин келип чыгат.

Соттор каттоо органы укукту каттоо үчүн берилген документтердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген талаптарга ылайыктуулугун текшерүүгө милдеттүү экендигин көңүлгө алышы керек (“Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 18, 22-беренелери, №49 Эреженин 7-параграфы).

Укукту аныктоочу документтер юридикалык күчкө ээ болуп, жокко чыгарылбаган учурда деле, эгер берилген документтер “Мамлекеттик каттоо жөнүндөгү” КР Мыйзамы менен белгиленген талаптарга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык келбесе, каттоочу орган кыймылсыз мүлккө укукту каттоодон баш тартууга укуктуу.

Демек, жайыттар, токой фондусунун жерлери, суу фондусунун жерлери мыйзамды бузуу менен жеке менчикке берилип жана укук белгилөөчү документ юридикалык күчкө ээ болсо, мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу орган көрсөтүлгөн объектилерге укукту каттоодон баш тартат. Мисалы, токой, суу фондусунун жерлери, жайыттар мамлекеттин гана менчиги болуп саналат жана жеке менчикке берилүүгө жатпайт.

**6**. “Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамдын 1-беренесинин 1-пунктуна ылайык, кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо (мындан ары - укуктарды мамлекеттик каттоо) катары мамлекет тарабынан кыймылсыз мүлккө укуктарды, аларды түйшүккө салууларды (чектөөлөрдү), ошондой эле ушул Мыйзамда каралгандан тышкаркы учурларда катталган укуктар менен түйшүккө салууларды (чектөөлөрдү) коргоону камсыз кылуучу кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү таануу жана тастыктоо боюнча юридикалык акты эсептелет. Мүлккө болгон укуктарды жана алар менен жасалган бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу орган укук ээсинин өтүнүчү боюнча жүргүзүлгөн каттоону катталган укук же бүтүм жөнүндө документ берүү же каттоо үчүн берилген документке жазып берүү аркылуу күбөлөндүрүүгө милдеттүү (КР ГК 25-бер.3-б.).

Мамлекеттик каттоо жөнүндө Мыйзамдын 1-беренесинин 17-пунктуна ылайык, укукту аныктоочу документ -

кыймылсыз мүлктү бирдигине менчик укугун жана башка укуктарды аныктоочу, өткөрүп берүүчү, чектөөчү же токтотуучу документ (мыйзам, тиешелүү укуктуу органдын чечими, келишим, соттун чечими ж.б.).

Укук күбөлөндүрүүчү документ жеке жана юридикалык жактардын укук аныктоочу документтин негизинде кыймылсыз мүлккө болгон укугун ырастагандыктан, административдик доогерлер ошондой эле ал боюнча талаш-тартыш болбогон учурда деле укук күбөлөндүрүүчү документтерди жараксыз деп табуу жөнүндө да талап коюшат.

Соттор, №311 Жобонун 8-п. ылайык, укук аныктоочу документтердин жараксыздыгы тууралуу сот органынын чечими кабыл алынганда жер участогуна укук күбөлөндүрүүчү документтерди жокко чыгаруу жергиликтүү каттоо органынын буйругу менен ишке жүргүзүлө тургандыгына көңүл буруулары керек. Демек, укук аныктоочу документти сот жараксыз деп тапкан учурда, сотко укук күбөлөндүрүүчү документтерди жокко чыгаруу жөнүндө административдик доо менен кайрылуунун кажети жок.

Бирок, укук күбөлөндүрүүчү документ кемчиликтерге (каталар) жана так эместиктерге ээ болушу мүмкүн, мисалы укук аныктоочу документте көрсөтүлгөн кыймылсыз мүлктүн характеристикалары укук күбүлөндүрүүчү актыдагы маалыматтарга дал келбеген учурда (аянты, жайгашкан орду боюнча ж.б.). Укук күбөлөндүрүүчү документтеги мындай кемчиликтер (каталар) каттоо органы тарабынан (анын кызмат адамы) оңдолушу мүмкүн. Каттоо органы (анын кызмат адамы) оңдоо киргизүүдөн баш тарткан учурда кызыкдар жак мамлекеттик органдын мындай аракетин (аракетсиздигин) административдик тартипте даттанууга укуктуу.

Эгерде соттун чечими менен кыймылсыз мүлккө укук аныктоочу документ жараксыз деп таанылса жана ошол эле учурда универсалдуу укук улантуучулуктун негизинде кийинки бүтүмдөр түзүлсө же менчик укугун өткөрүп берүү катталган болсо, анда соттун чечими каттоо карточкасынын тийишүү бөлүмүнө жеке менчик укугун өзгөртпөстөн чектөө катары катталат (№49 Эрежелердин 38 параграфынын 207-п. көрсөтүлгөн эреже боюнча). Каттоо органы жокко чыгарылган укук аныктоочу документтин негизинде берилген гана укук күбөлөндүрүүчү документти жокко чыгара тургандыгын соттор эске алышы зарыл. Эгерде кийинки бүтүмдөр түзүлсө, каттоо орган сот тарабынан жокко чыгарылбаган башка укук аныктоочу документтин негизинде берилген укук күбөлөндүрүүчү документти жокко чыгарууга укугу жок.

**7.** Административдик органдын токтомунан (актысынан) көчүрмө ыйгарым укуктуу органдын расмий чечими (административдик акты) болуп саналбайт. Көчүрмө өз алдынча кызыкдар жактар үчүн укуктук кесепеттерге алып келбейт.

Административдик органдын актысынан көчүрмө административдик сот өндүрүштүн жүрүшүндө өз алдынча талаштын предмети боло албайт. Эгерде кызыкдар жактын укугу укук белгилөөчү документтин көчүрмөсүнүн негизинде мындай көчүрмө жасалган негизги административдик акты берилбестен катталса, анда сотто каттоону жүзөгө ашырган жана укук күбөлөндүрүүчү документтерди берген каттоочу органдын же алардын кызмат адамдарынын

аракеттери жана чечимдери талашууга жатат.

**8.** “Мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамдын 47-беренесине ылайык, жактын кыймылсыз мүлккө менчик укугу ээлик кылуу убактысынын эскиргендигинен келип чыгат жана ал укук тийиштүү укугу бар орган тарабынан берилген документтин негизинде катталат. Ээлик кылуунун эскиргенине байланыштуу мүлккө менчик укугун таануу сот тарабынан жүзөгө ашырылат (КР ГКнин 265-бер. 5-б). №49 Эрежелердин 141-п. ылайык мурда сатып алуунун негизинде менчик укугун каттоо үчүн иш жүзүндөгү ээсинин менчик укугун таануу тууралуу соттун чечими берилет.

**9.** №49 Эрежелердин 140-п. ылайык, эгер жергиликтүү каттоо органында каза болгон адамга карата кыймылсыз мүлккө менчик укугу катталбаса, бирок өлгөнгө чейин берилген жана техникалык мүлк каттоо бюро (мындан ары - ТМБ) органдарында каттоодон өтпөгөн укук белгилөөчү документтер мураскерлерде болсо, анда каттоо мураскер тарабынан берилген арыздын негизинде ишке ашат. Мындай учурда менчик ээси катарында каза болгон адам көрсөтүлүп, алдын ала каттоо жүргүзүлөт.

Эгер тийиштүү укук белгилөөчү документтер архивде жана арыз ээлеринин колунда болсо, анда толук каттоо жүргүзүлөт.

**10.** КР АПКнин 33-беренеси боюнча административдик процесстик укуктарга жана милдеттерге ээ болуу жөндөмү (административдик процесстик укук жөндөмдүүлүгү) мыйзамга ылайык укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын соттук коргоо укугуна ээ бардык жарандарга жана юридикалык жактарга бирдей таандык экени таанылат.

Өз иш-аракеттери менен өзүнүн процесстик укуктарын жүзөгө ашыруу, сотто өзүнүн процесстик милдеттерин аткаруу жана өз иштерин жүргүзүүнү өкүлүнө тапшыруу жөндөмдүүлүгү (административдик процесстик аракетке жөндөмдүүлүк) толук көлөмдө жашы жеткен, башкача айтканда он сегиз жашка чыккан жарандарга жана юридикалык жактарга таандык. (КР АПКнин 34-бер. 1-б).

КР АПКнин 2-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, эгерде ушул Кодексте сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу тууралуу жоболор жок болсо, эгерде алар ушул Кодекстин негизги принциптерине жана максаттарына карама-каршы келбесе, анда тиешелүүлүгүнө жараша Жарандык процесстик кодекстин ченемдери (мындан ары- КР ЖПК) колдонулат.

Ошол эле учурда КР ЖПКнин 40-беренесинин 2-бөлүгүндө каралгандай, Мыйзамда белгиленген учурларда, юридикалык жак болуп саналбаган уюмдар да тараптар боло алат.

КР АПКнин 3-беренесинин 5-пунктуна ылайык, административдик орган- мамлекеттик аткаруу бийлигинин органы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, ошондой эле мыйзам тарабынан административдик жол-жоболорду туруктуу же убактылуу жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктар берилген башка органдар же жактар.

Административдик орган - мамлекеттик аткаруу бийлигинин органы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, ошондой эле административдик жол-жобону туруктуу же

убактылуу жүзөгө ашырууга мыйзам менен ыйгарым укуктар берилген атайын түзүлгөн органдар (Административдик жол-жоболор жөнүндө КР мыйзамынын 4-бер. 7-п.).

КР АПКнин 3-беренесинин 7-пунктуна жана 28-беренесине ылайык, сотто ага каршы доо коюлган административдик орган административдик жоопкер болуп саналат.

Жогорулардын негизинде аймактык администрациялык органдар кээде юридикалык жак болбогону менен, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдары юридикалык жак болбогон уюм иштин катышуучусу боло алаарына мүмкүнчүлүк бергендигин эске алуу менен, юридикалык жактардын филиалдары болуп саналган территориалдык административдик органдардын актыларына, аракеттерине (арекетсиздигине) даттануу жөнүндөгү доо арыздары филиалдардын жайгашкан жериндеги административдик сот тарабынан филиалдын юридикалык жагын ишке тартуу менен каралаарын соттор эске алуусу керек.

Мисалы, КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-июлунда кабыл алынган №382 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин 49 жергиликтүү каттоо органдарын бириктирүү аркылуу "Кадастр" мамлекеттик мекемеси (ММ) түзүлгөн. “Кадастр” ММсинин башкаруу схемасын аныктаган №5-тиркемеге ылайык, “Кадастр” ММ составына анын жергиликтүү филиалдары киргендигине байланыштуу, жергиликтүү каттоо органдары юридикалык жак статусун жоготуп “Кадастр” ММ филиалдары болуп саналууда. Ушуга байланыштуу, жергиликтүү каттоо органдардын актыларына, аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу жөнүндөгү иштер жергиликтүү каттоо органдарынын жайгашкан жери боюнча административдик соттор тарабынан “Кадастр” ММ ишке катышууга тартуу менен каралат.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **Н. Бакирова**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т. Чаргынова**

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПЛЕНУМА ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

24 ноября 2021 года г. Бишкек

## №14
## О некоторых вопросах применения законодательства при разрешении споров, связанных с регистрацией прав на недвижимое имущество

Пленум Верховного суда Кыргызской Республики, принимая во внимание вопросы, возникающие в судебной практике при разрешении споров, связанных с применением законодательства о регистрации прав на недвижимое имущество при рассмотрении судами административных дел, а также в целях обеспечения правильной и единообразной судебной практики, руководствуясь ч.3 ст.98 Конституции Кыргызской Республики, ст.18 конституционного Закона Кыргызской Республики "О Верховном суде Кыргызской Республики и местных судах", постановляет:

**1.** Обратить внимание судов на то, что отношения, связанные с регистрацией прав на недвижимое имущество и сделок с ним, регулируются Конституцией Кыргызской Республики, Гражданским кодексом Кыргызской Республики (ГК КР), Земельным кодексом Кыргызской Республики (ЗК КР), Законом Кыргызской Республики «О государственной регистрации прав на недвижимое имущество и сделок с ним» (Закон КР «О государственной регистрации»), Законом Кыргызской Республики «Об основах административной деятельности и административных процедурах» (Закон КР «Об административных процедурах»), Правилами государственной регистрации прав и обременений (ограничений) прав на недвижимое имущество и сделок с ним, утвержденными постановлением Правительства КР от 15 февраля 2011 года №49 (Правила №49), Положением о порядке оформления и выдачи документов, удостоверяющих право на земельный участок, утвержденным постановлением Правительства КР от 8 декабря 2010 года №311 (Положение №311**)** и другими нормативными правовыми актами КР.

**2.** Целью регистрационной системы является признание государством зарегистрированных в соответствии с Законом о государственной регистрации вещных прав на недвижимое имущество и сделок с ним и имущественных отношений, а также содействие развитию рынка недвижимости (преамбула Закона о государственной регистрации).

Право собственности и другие вещные права на недвижимое имущество, ограничения этих прав, их возникновение, переход и прекращение подлежат государственной регистрации в едином государственном реестре. Согласно ст.25 ГК КР, ст.4 Закона КР “О государственной регистрации”, обязательной регистрации подлежат:

- право собственности;
- право хозяйственного ведения;
- право оперативного управления;
- право бессрочного (без указания срока) пользования земельным участком;
- права, возникающие из ипотеки, включая ипотеку в силу закона, или залога;

- право на временное пользование, аренду или субаренду на срок три года и более;

- сервитуты (кроме указанных в ст.6 Закона КР "О государственной регистрации");

- ограничения прав по проектированию, строительству и пользованию отдельной единицей недвижимого имущества, кроме ограничений, которые распространяются на недвижимое имущество в соответствии с законодательством и другими нормативными актами КР;

- права, вытекающие из решений суда;

- права природопользования, перечень которых устанавливается законодательством КР;

- иные права, подлежащие регистрации в настоящее время или в будущем в соответствии с ГК и другими законами КР;

- права, возникающие при легализации имущества.

В соответствии с ч.1 и 2 ст.7 Закона КР «О государственной регистрации», любой правоустанавливающий или другой документ о правах или их ограничениях, подлежащих обязательной регистрации, представляется в регистрационный орган не позднее тридцати дней с момента заключения (составления) вышеуказанного документа. В случае, если документ представлен позднее тридцати дней после его заключения (составления), то помимо оплаты за регистрацию, за каждый день задержки начисляется пеня, размер и порядок оплаты которой определяются Правительством Кыргызской Республики.

Во исполнение ст.7 Закона КР «О государственной регистрации», было принято постановление Правительства Кыргызской Республики от 3 мая 2002 года № 267, которым была утверждена Инструкция о порядке начисления и уплаты пени за несвоевременную регистрацию прав и обременений (ограничений) прав на недвижимое имущество.

**3.** Судам следует иметь в виду, что если законодательством установлен досудебный порядок обжалования административных актов, действий (бездействия) административных органов, то судебное оспаривание таких актов или действий (бездействия) возможно лишь после соблюдения этого порядка (ч.4 ст.5 Административно-процессуального кодекса КР (далее - АПК КР), ст.62 Закона КР «Об административных процедурах»).

Жалоба на административный акт в административном порядке может быть подана в административный орган, принявший обжалуемый административный акт, или в вышестоящий административный орган.

Жалоба на действие или бездействие административного органа или должностного лица подается в вышестоящий административный орган или вышестоящему должностному лицу.

При отсутствии вышестоящего административного органа или вышестоящего должностного лица действие и бездействие административного органа обжалуется в судебном порядке.

При этом, согласно ч.1 ст. 62 Закона КР «Об административных процедурах» не все административные акты, действия (бездействие) административного органа могут быть обжалованы в административном (досудебном) порядке. Так, досудебный порядок урегулирования спора не требуется в случаях:

- если во время установленного законом срока административной процедуры, возбужденной на основе заявления, административный акт не принимается уполномоченным административным органом, то заявитель вправе обжаловать бездействие административного органа в порядке, предусмотренном Законом, или в судебном порядке (ст. 44 Закона КР «Об административных процедурах»);

- если отмена административного акта может повлечь изъятие имущества помимо воли собственника. В этом случае административный акт признается недействительным в судебном порядке (ч.3 ст. 57 Закона КР «Об административных процедурах»).

Кроме того, при рассмотрении споров, судам следует иметь в виду, что в силу ст.119 ЗК КР, разрешение земельных споров, связанных с предоставлением, изъятием и прекращением права на земельный участок, решается только судом.

Таким образом, для всех вышеуказанных категорий споров не требуется досудебного порядка регулирования спора, во всех остальных случаях требуется соблюдение такого порядка. Например, споры по обжалованию действий (бездействия) регистрационного органа по отказу в принятии документов, по приостановлению регистрации, по проведению предварительной регистрации, по отказу в оформлении землеустроительных дел и документов, удостоверяющих право на земельный участок, по переписке о предоставлении каких-либо документов и т.д. (п. 17 параграфа 4 Правил №49, п.п. 19-1,19-2,19-3 Положения №311) требуют предварительного рассмотрения в порядке административной процедуры.

**4.** В связи с тем обстоятельством, что административные органы в порядке административной процедуры стали пересматривать административные акты, изданные до введения в действие Закона КР «Об административных процедурах», судам следует принимать во внимание, что, в соответствии с ч.5 ст. 9 Закона КР «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», действие нормативного правового акта не распространяется на отношения, возникшие до его введения в действие.

Поскольку Закон Кыргызской Республики «Об основах административной деятельности и административных процедурах» вступил в силу с 18 мая 2016 года, соответственно, на правоотношения, возникшие до 18 мая 2016 года, нормы указанного Закона не применяются и требования Закона в части досудебного порядка разрешения спора распространяются только на акты, изданные после вступления его в силу.

В связи с чем, судам при рассмотрении споров об обжаловании актов, принятых в рамках административной процедуры следует, обращать внимание также на дату принятия административного акта, обжалуемого в порядке административной процедуры. То есть, судам следует обратить внимание на дату принятия административного акта или совершения действия (бездействия), оспариваемого в порядке административной процедуры, а не на дату административного акта, принятого в порядке административной процедуры. К примеру, когда административный акт был издан в 2010 году, но заявитель, обратившись в 2021 году в порядке административной процедуры в вышестоящий административный орган и далее в суд, ссыла-

ется на дату рассмотрения административной жалобы вышестоящим административным органом.

**5.** Право на недвижимое имущество возникает после регистрации соответствующих правоустанавливающих документов.

Судам следует учитывать, что регистрационный орган должен проверять соответствие документов, представленных для регистрации права, требованиям, установленным законодательством КР (ст.ст.18, 22 Закона КР «О государственной регистрации», параграф 7 Правил №49).

Регистрационный орган вправе отказать в регистрации права на недвижимое имущество, если предоставленные документы не соответствуют требованиям, установленным Законом КР "О государственной регистрации" и другими нормативными правовыми актами, даже если правоустанавливающий документ имеет юридическую силу и не отменен.

Соответственно, если имеются случаи, когда пастбища, земли лесного фонда, земли водного фонда в нарушение закона были переданы в частную собственность и правоустанавливающий документ при этом имеет юридическую силу, регистрационный орган отказывает в регистрации права на указанные объекты. Например, земли лесного фонда, водного фонда, пастбища являются исключительной собственностью государства и не подлежат передаче в частную собственность.

**6**. Согласно п.1 ст.1 Закона КР «О государственной регистрации», под государственной регистрацией прав на недвижимое имущество и сделок с ним (далее - государственная регистрация прав) понимается юридический акт по признанию и подтверждению государством прав на недвижимое имущество, их обременений (ограничений), а также сделок с недвижимостью, обеспечивающий защиту зарегистрированных прав и обременений (ограничений).

Орган, осуществляющий государственную регистрацию прав на недвижимость и сделок с ней, обязан по ходатайству правообладателя удостоверить произведенную регистрацию путем выдачи документа о зарегистрированном праве или сделке либо совершением надписи на документе, представленном для регистрации (ч.3 ст. 25 ГК КР).

В соответствии с п.17 ст.1 Закона «О государственной регистрации», правоустанавливающим документом является - документ, устанавливающий, передающий, ограничивающий или прекращающий право собственности и другие права на единицу недвижимого имущества (закон, решение соответствующего компетентного органа, договор, решение суда и др.).

В связи с тем, что правоудостоверяющий документ подтверждает права физических, юридических лиц на объект недвижимости на основании правоустанавливающих документов, административные истцы одновременно также заявляют требование о признании недействительным правоудостоверяющих документов в отсутствие спора по нему.

Судам следует иметь в виду, что согласно п. 8 Положения №311 при принятии решения судебного органа о недействительности правоустанавливающего документа аннулирование правоудостоверяющего документа производится приказом местного регистрационного органа.

Из указанного следует, что при признании судом правоустанавливающего документа

недействительным, нет необходимости обращаться в суд с административным иском о признании недействительным правоудостоверяющего документа.

При этом следует иметь в виду, что правоудостоверяющий документ может иметь недостатки (ошибки) и неточности, когда например, характеристики объекта недвижимости, описанные в правоустанавливающем документе, не совпадают с данными правоудостоверяющего документа (по площади, местоположению и т.д.). Такие недостатки (ошибки) в правоудостоверяющем документе могут быть исправлены самим регистрационным органом (его должностным лицом). В случае отказа регистрационного органа (его должностного лица) произвести исправление, заинтересованное лицо вправе обжаловать такое действие (бездействие) государственного органа в административном порядке.

Если же решением суда правоустанавливающий документ на недвижимое имущество признается недействительным, и при этом были совершены последующие сделки или осуществлена регистрация перехода права собственности на основании универсального правопреемства, то решение суда регистрационным органом регистрируется в соответствующем разделе регистрационной карточки, как ограничение без изменения права собственности (по правилам предусмотренным в п. 207 параграфа 38 Правил №49). Судам следует иметь в виду, что регистрационный орган отменяет лишь тот правоудостоверяющий документ, по которому отменен правоустанавливающий документ. Если же были последующие сделки, то регистрационный орган не вправе отменять правоудостоверяющие документы, выданные на основании других не отмененных судом правоустанавливающих документов.

**7.** Выписка из постановления (акта) административного органа не является официальным решением (административным актом) уполномоченного органа. Сама по себе выписка из постановления (акта) административного органа не порождает юридических последствий для заинтересованных лиц. Выписка из акта административного органа не может быть самостоятельным предметом спора в порядке административного судопроизводства. Если право за заинтересованным лицом было зарегистрировано на основании выписки из правоустанавливающего документа без предоставления основного административного акта, из которого была сделана такая выписка, то оспариванию в суде подлежат действия и решения регистрационного органа или их должностных лиц, осуществивших регистрацию и выдавших правоудостоверяющие документы.

**8**. В силу ст.47 Закона КР «О государственной регистрации» право собственности на недвижимое имущество возникает у лица, которое приобрело это имущество в силу приобретательной давности, и регистрируется на основании документа, выданного соответствующим компетентным органом. Признание права собственности на имущество в силу приобретательной давности осуществляется судом (ч.5 ст. 265 ГК КР).

Согласно п. 141 Правил №49 для регистрации права собственности на основании приобретательной давности представляется решение суда о признании за фактическим владельцем права собственности.

**9.** Следует иметь в виду, что в силу п. 140 Правил №49, если в местном регистра-

ционном органе ранее не было зарегистрировано право собственности на недвижимое имущество за умершим, но при этом правоустанавливающий документ, выданный до смерти и не прошедший регистрацию в органах бюро технической инвентаризации (БТИ), имеется у наследников, то регистрация производится на основании заявления, подаваемого наследниками. При этом в качестве собственников указывается умершее лицо и производится предварительная регистрация. Если соответствующие правоустанавливающие документы имеются в архиве и на руках заявителей, то производится полная регистрация.

**10.** В силу ст.33 АПК КР, способность иметь административные процессуальные права и обязанности (административная процессуальная правоспособность) признается в равной мере за всеми гражданами и юридическими лицами, обладающими согласно закону правом на судебную защиту прав, свобод и охраняемых законом интересов.

Способность своими действиями осуществлять свои процессуальные права, выполнять процессуальные обязанности в суде и поручать ведение дела представителю (административная процессуальная дееспособность) принадлежит в полном объеме совершеннолетним гражданам, то есть гражданам, достигшим восемнадцати лет, и юридическим лицам (ч. 1 ст. 34 АПК КР).

В соответствии с ч.3 ст.2 АПК КР, если в настоящем Кодексе отсутствуют положения об осуществлении судопроизводства, то соответственно применяются нормы Гражданского процессуального кодекса КР (далее - ГПК КР) .

При этом, ч.2 ст. 40 ГПК КР предусматривает, что в случаях, предусмотренных законом, сторонами могут быть и организации, не являющиеся юридическими лицами.

Согласно п.5 ст.3 АПК КР, административный орган – орган государственной исполнительной власти, исполнительный орган местного самоуправления, а также иные органы или лица, наделенные законом полномочиями постоянно или временно осуществлять административные процедуры.

Административный орган - орган государственной исполнительной власти, исполнительный орган местного самоуправления, а также специально созданные органы, наделенные законом полномочиями постоянно или временно осуществлять административные процедуры (п.7 ст. 4 Закона КР «Об административных процедурах»). В силу п.7 ст.3 и ст.28 АПК КР, административным ответчиком является административный орган, против которого предъявлен иск в суд.

На основании изложенного, принимая во внимание то обстоятельство, что территориальные административные органы иногда не являются юридическими лицами, однако законодательством КР допускается, что стороной по делу может быть и организация, не являющаяся юридическим лицом, судам следует иметь в виду, что иски об обжаловании актов, действий (бездействий) территориальных административных органов, являющихся филиалами юридических лиц следует рассматривать административным судам по месту нахождения последних с привлечением юридического лица, филиалами которых они являются.

К примеру, постановлением Правительства КР «О Государственном агентстве по земельным ресурсам при Правительстве Кыргызской Республики» от 30 июля 2019 года №382 на базе 49 местных регистрационных органов Департамента кадастра и регистрации прав на недвижимое имущество при ГРС при Правительстве КР создано Государственное учреждение «Кадастр». Согласно приложения №5, определяющей схему управления ГУ «Кадастр», в состав ГУ «Кадастр» вошли его филиалы на местах, в связи с чем, местные регистрационные органы утратили статус юридических лиц и являются филиалами ГУ «Кадастр». В связи с чем, дела об обжаловании актов, действий (бездействия) местных регистрационных органов будут рассматриваться административным судом по месту нахождения местных регистрационных органов с привлечением ГУ «Кадастр».

**Председатель Верховного суда**
**Кыргызской Республики** **Н. Бакирова**

**Секретарь Пленума,**
**судья Верховного суда**
**Кыргызской Республики** **Т. Чаргынова**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

**2021-жылдын 24-ноябры** **Бишкек шаары**

## №15
## “Соттун чечимин аткарууну кийинкиге жылдыруу, созуу, аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү тууралуу арыздарды кароодо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуудагы айрым маселелер жөнүндө”

*(КР ЖС Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы N 24 токтомунун редакциясына ылайык)*

Соттун чечимин аткарууну кийинкиге жылдыруу, созуу, аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү тууралуу арыздарды кароодо соттор тарабынан мыйзамдарды колдонуу тажрыйбасынын бирдейлигин камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесин жетекчиликке алып, төмөндөгүдөй түшүндүрмөлөрдү берүүнү токтом кылат:

1. Соттук акт (соттун чечими, соттун буйругу, жарашуу макулдашуусун бекитүү жөнүндө аныктама) мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин аткарууга алынат.

2. Соттун чечимин аткарууга тоскоол болгон же анын аткарылышын татаалданткан объективдүү жагдайлар бар болсо, сот чечимди аткарууну кийинкиге жылдырууга же созууга, аткаруунун ыкмасын жана тартибин өзгөртүүгө укуктуу.

3. Соттун актысын аткарууну кийинкиге жылдыруу соттук актыны мажбурлап аткарууга берүү датасын же аткаруу өндүрүшү боюнча сот аткаруучунун аткаруу аракеттерин жасоо датасынын башталышын кечирээк мөөнөткө жылдыруу тууралуу соттун аныктамасы менен белгиленет.

Эгерде аткаруунун предметин бөлүп аткаруу мүмкүн болсо (мисалы, акча каражатын төлөө, иштерди жасоо ж.б.), соттук актыны аткаруу мөөнөтүн созуу сот аныктаган мөөнөттүн ичинде карызкор тарабынан ыктыярдуу же аткаруу өндүрүшүндө сот аткаруучу тарабынан мажбурлоо түрүндө соттук актыны бөлүп аткаруу тууралуу соттун аныктамасы менен белгиленет.

4. Соттун чечимин аткарууну кийинкиге жылдыруу же созуу, аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү жөнүндө арыз менен ишке катышкан жактар чечимди чыгарган сотко кайрылууга укуктуу. Аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүндө аталган маселелер боюнча анын тараптары, ал эми сот аткаруучу аткаруунун ыкмасын жана тартибин гана өзгөртүү тууралуу арыз менен аткаруу документин берген сотко же аткарылуучу жер боюнча сотко кайрыла алышат.

5. Соттун чечимин (аткаруу документин) карызкор тарабынан аткаруусуна

объективдүү тоскоол болгон жокко чыгарылгыс жагдайлардын сотко кайрылуу учурунда болушу соттун чечимин (аткаруу документин) аткарууну кийинкиге жылдырууга же созууга негиз боло алат. Мындай негиздердин бардыгын сот ар бир конкреттүү учурда бардык иш жүзүндөгү жагдайларды эске алуу менен чечет. Аларга карызкордун оор материалдык абалы, ошондой эле аткарууну тата-алданткан башка себептер кириши мүмкүн. Сот жылдыруу мөөнөтү же созуу мезгилдери бүткөндөн кийин карызкор соттун чечимин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуна аткарууну кийинкиге жылдыруу же аткарууну созуу мезгилдери бүткөн убакта ал соттун актысын аткарууга жетиштүү кирешеге же мүлккө ээ боло турган фактыны тастыктаган далилдер боюнча баа бериши керек.

6. Соттор кийинкиге жылдыруу же созуу жөнүндө арыздарды чечүүдө соттун чечимин аткарууну кийинкиге жылдыруу же созуу зарылдыгы тууралуу карызкор келтирген бардык жүйөөлөргө жана өндүрүп алуучунун мындай жылдырууга же созууга карата берилиши мүмкүн болгон каршы пикирине баа бериши керек. Аткарууну кийинкиге жылдырууда же созууда соттун чечимин аткаруунун белгиленген тартиби акылга сыярлык, адилеттүүлүк талаптарына жооп беришин жана аткаруу өндүрүшүнө катышкан жактардын кепилденген укуктарынын негиздерине, ошондой эле үчүнчү жактардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарына таасир этпөөсүн эске алуу менен соттор карызкор менен өндүрүп алуучунун укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын тең салмактуулук балансын кармануусу зарыл.

7. Арыз канааттандырылган учурда соттун аныктамасында КР ЖПКнин 225-беренесинде тизмектелген маалыматтардан тышкары кийинкиге жылдыруунун (созуунун) узактыгы, ал эми созууда ыйгарылган сумманы жабуу үчүн өндүрүлүүгө жаткан мезгилдүү төлөм-дөрдүн өлчөмү көрсөтүлүшү зарыл. Мында, кийинкиге жылдыруунун же созуунун мөөнөтү дата менен гана эмес, белгилүү бир окуянын болушун (карызкордун материалдык абалынын өзгөрүүсү, оорудан айыгуу ж.б.) көрсөтүү менен да аныкталышы мүмкүн.

8. Соттун актысын мажбурлап атка-рууга берүүнү кийинкиге жылдыруу "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-бере-несинде белгиленген мөөнөттөрдөн аш-поого тийиш.

Аткаруу аракеттерин жасоону жылдыруу "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүндө белгиленген мөөнөттөрдөн ашпоого тийиш.

9. Эгерде аткарууну кийинкиге жыл-дырууга (созууга) негиз болгон жагдайлар соттун аныктамасында көрсөтүлгөн мөөнөттөн мурда жокко чыкса, сот ишке катышкан жактардын, аткаруу өндүрүшү-нүн тараптарынын арызы боюнча, аткарууну кийинкиге жылдыруу (созуу) аракеттерин жокко чыгаруу маселесин чече алат.

10. Чечимди аткарууну жаңы мөөнөт-кө жылдыруу (созуу) же аткарууну кийинкиге жылдыруу (созуу) аракеттерин

жокко чыгаруу жөнүндө арыз алгачкы каралган тартипте каралышы керек.

11. Аткаруунун бир түрүн башка менен алмаштыруу, т.а. соттун чечимин аткаруунун алгачкы ыкмасын кандайдыр-бир трансформациялоо соттун чечимин аткаруу ыкмасын өзгөртүүнү билдирет. Соттун чечимин аткаруу ыкмасын өзгөртүү катары, эгерде буга чейин белгиленген ыкма менен аны аткарууга мүмкүн болбосо, сот тарабынан соттун чечимин ишке ашыруу үчүн процесстик мыйзамдарда көрсөтүлгөн башка чараларды кабыл алуусун түшүнүү керек.

12. Сот тарабынан соттун чечиминде көрсөтүлгөн, аны аткарууга багытталган аракеттерди жасоо ырааттуулугун (иретин) өзгөртүү соттун чечимин аткаруу тартибин өзгөртүүнү түшүндүрөт.

13. Соттук актыны аткарууга тоскоолдук жараткан бардык жагдайлар соттун чечимин аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү тууралуу арыз менен сотко кайрылууга негиз боло алат.

14. Соттун чечимин аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүүгө өндүрүп алуучу, карызкор же сот аткаруучу соттун чечиминде көрсөтүлгөн ыкма же тартип менен аны аткарууга мүмкүн эместигинин далилдерин камсыз кылган учурларда гана жол берилет. Соттун чечимин аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү тууралуу маселени коюуда карызкор, өндүрүп алуучу, сот аткаруучу, мисалга алсак, чечимде көрсөтүлгөн аткаруу тартибинин жана ыкмасынын ыңгайсыздыгына гана шилтеме келтирбестен, процесстик мыйзамга ылайык, кандайдыр-бир өзгөчө жагдайларга байланыштуу соттук актыны аткарууну татаалданткан же аткарууга мүмкүнчүлүк бербеген фактыларды далилдөөсү зарыл.

15. Соттун чечимин аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү тууралуу маселени чечүүдө чечимдин корутунду бөлүгүн өзгөртүүгө жол берилбейт.

16. Соттун чечимин аткаруу ыкмасын өзгөртүү Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик мыйзамында так белгиленген учурларда, аткаруунун факультативдик ыкмасы соттун кабыл алган чечиминин корутунду бөлүгүндө көрсөтүлбөгөн шарттарда гана мүмкүн. Мисалы, эгерде чечимди аткаруу учурунда ыйгарылган мүлк жок болсо, сот чечимде доогерге ыйгарылган мүлктүн жоопкерден өндүрүп алынууга жаткан наркын көрсөтүүгө милдеттүү (КР ЖПКнын 203-беренеси); же болбосо, сот белгилүү бир аракеттерди жасоого жоопкерди милдеттендирсе, бирок сот чечиминде, эгерде жоопкер белгиленген мөөнөттүн ичинде чечимди аткарбаса, жоопкердин эсебинен зарыл чыгымдарды өндүрүп алуу менен доогер бул аракеттерди жасаганга укуктуу болушун көрсөтпөсө (КР ЖПКнын 204-беренеси). Соттук акт аныктама формасында кабыл алынат.

17. Карызкордун мүлкүн өндүрүп алуу "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" КР Мыйзамынын 64-беренесине ылайык аткаруу документи боюнча карызкордон өндүрүлүүгө жаткан мүлктү алуу максатында сот аткаруучу тарабынан жасалган мажбурлап аткартуучу чара болуп саналарын соттор эске алуусу зарыл.

*(КР Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы N 24 токтомунун редакциясына ылайык 17-пункттун 2-абзацы алынып салынды)*

18. Эгерде карызкор жалпы менчик укугунда ага таандык болгон мүлккө ээ болсо, анда сот аткаруучу өндүрүп алууну Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 274-беренесине ылайык аныкталуучу карызкордун үлүшүнөн гана өндүрүп алууга укуктуу экендигин соттор эске алышы керек ("Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" КР Мыйзамынын 65-беренесинин 5-бөлүгү).

Биринчи инстанциядагы соттордун жогорудагы көрсөткүчтөрүнө караганда, 2020-жылга салыштырмалуу 2021-жылы Нарын, Талас жана Баткен облустарынын административдик сотторунун ишти кароо сапаттары **жогорулап,** ал эми башка облустардын биринчи инстанциядагы соттордун ишти кароо сапаттары **төмөндөгөн.**

Ар бир **облустук соттор** боюнча ала турган болсок:

- Жалал-Абад облустук соту, жалпы даттанылганы – **138** *(2020ж.-133)*, бузулганы – **39** *(2020ж.-38)*, өзгөртүлгөнү **-1**;

- Ысык-Көл облустук соту, жалпы даттанылганы – **44** *(2020ж.-53)*, бузулганы - **14** *(2020ж.-13)*;

- Бишкек шаардык соту, жалпы даттанылганы – **303** *(2020ж.-312)*, бузулганы – **92** *(2020ж.-62)*, өзгөртүлгөнү - **3**;

- Чүй облустук соту, жалпы даттанылганы – **109** *(2020ж.- 140),* бузулганы – **26** *(2020ж.-39)*;

- Талас облустук соту, жалпы даттанылганы – **23** *(2020ж.-13),* бузулганы – **7** *(2020ж.-3);*

- Нарын облустук соту, жалпы даттанылганы – **16** *(2020ж.-25),* бузулганы – **5** *(2020ж.-4)*;

- Ош облустук соту, жалпы даттанылганы – **210** *(2020ж.-276),* бузулганы – **87** *(2020ж.-59),* өзгөртүлгөнү - **2**;

- Баткен облустук соту, жалпы даттанылганы – **29** *(2020ж.-28)*, бузулганы – **10** *(2020ж.-11).*

**Таблица №3**

| | **Соттун аталышы** | **Жыл** | **Жалпы даттанылганы** | **Күчүндө калганы** | **Бузулганы** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалал-Абад облустук соту | 2020 | 133 (100%) | 95 (71,43%) | 38 (28,57%) |
| | | 2021 | 138 (100%) | 98 (71%) | 39 (28,2%) |
| 2 | Ысык-Көл облустук соту | 2020 | 53 (100%) | 40 (75,48%) | 13 (24,52%) |
| | | 2021 | 44 (100%) | 30 (68,1%) | 14 (31,9%) |
| 3 | Бишкек шаардык соту | 2020 | 312 (100%) | 247 (79,16%) | 62 (19,87%) |
| | | 2021 | 303 (100%) | 206 (68%) | 92 (30,3%) |
| 4 | Чуй облустук соту | 2020 | 140 (100%) | 100 (71,43%) | 39 (27,85%) |
| | | 2021 | 109 (100%) | 82 (75,2%) | 26 (23,9%) |
| 5 | Талас облустук соту | 2020 | 13 (100%) | 10 (76,93%) | 3 (23,07%) |
| | | 2021 | 23 (100%) | 16 (69,6%) | 7 (30,4%) |
| 6 | Нарын облустук соту | 2020 | 25 (100%) | 20 (80%) | 4 (16%) |
| | | 2021 | 16 (100%) | 11 (68,8%) | 5 (31,2%) |
| 7 | Ош облустук соту | 2020 | 276 (100%) | 214 (77,54%) | 59 (21,37%) |
| | | 2021 | 210 (100%) | 121 (57,7%) | 87 (41,4%) |
| 8 | Баткен облустук соту | 2020 | 28 (100%) | 16 (57,15%) | 11 (39,28%) |
| | | 2021 | 29 (100%) | 19 (65,6%) | 10 (34,4%) |

Апелляциялык инстанциядагы соттордун жогорудагы көрсөткүчтөрүнө караганда, 2020-жылга салыштырмалуу 2021-жылы Жалал-Абад, Чүй жана Баткен облустук сотторунун ишти кароо сапаттары **жогорулап,** ал эми башка соттордун ишти кароо сапаттары **төмөндөгөн.**

Жыл ичинде соттук тажрыйбаны жалпылоо, соттук статистиканы анализдөө жана Жогорку соттун Пленумунун ишин камсыздоо бөлүмү менен биргеликте соттук коллегия тарабынан «Кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо менен байланышкан талаштарды чечүүдө мыйзамдарды колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомунун долбоору даярдалып чыкты.

Мындан сырткары, 4 соттук тажрыйбаны жалпылоо жүргүзүлгөн. Тактап айтканда:

- шайлоо талаштарды кароо боюнча;
- соттук актыларды кайтадан ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо боюнча;
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечимдерине даттануу келтирүү жана аларды кароодо маңызы боюнча кабыл алынган соттук актылар менен байланышкан административдик иштерди кароо боюнча;
- биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун соттук актыларын жаңыдан кароого жиберүү, өндүрүштү токтотуу же доону кароосуз калтыруу менен жокко чыгаруу жөнүндө кассациялык инстанциянын соттук практикасын талдоо боюнча.

Аталган жалпылоолор боюнча сунуштар иштелип чыгып, жергиликтүү сотторго маалымкаттар жиберилген.

Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамынын негизинде соттук коллегиянын судьялары жана консультанттарынын аткаруусуна Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн, ар тармактагы министрликтерден, ведомстволордон, жарандардан жана юридикалык жактардан **144** арыздар жана кайрылуулар түшүп, мыйзамда белгиленген мөөнөттү сактоо менен жооптор даярдалган. Муну менен бирге, жыл ичинде жетекчилик тарабынан 12 жаран жеке кабыл алууда болушкан.

Жарандардын ишенимин бекемдөөгө жана сот бийлигинин беделин жогорулатууга көмөк көрсөтүү үчүн багытталган www.act.sot.kg интернет-ресурсунда соттук актыларды жарыялоого коллегиянын судьялары активдүү катышып келүүдө.

Соттук коллегиянын судьялары Ш.Камчыбеков Кыргыз Республикасынын судьяларын тандоо боюнча Кеңешинде төрага, ал эми Н.Арапбаев Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңешинде мүчө болуп иш алып келишти.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жүрүшүнүн алкагында 2021-жылдын 15-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектеби “Шайлоо талаш-тартыштары жана аларды чечүү. Жаңы мыйзамдарга ылайык жарандардын шайлоо укуктарын коргоонун соттук кепилдиктери” деген темада семинар өткөргөн. Иш чарага Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын, республиканын административдик сотторунун судьялары, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкүлү, ошондой эле Эл аралык шайлоо системасы фондунун (IFES) өкүлү катышышкан. Аталган иш чарада шайлоо талаштарын чечүү маселелери жана соттор тарабынан шайлоо талаштарын кароонун жол-жоболук өзгөчөлүктөрү талкууланган.

Муну менен бирге, 2021-жылдын 11-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары А.Токбаева КМШнын Байкоочулар Миссиясынын штабынын жетекчиси, КМШнын Аткаруу комитетинин КМШ Байкоочулар Миссиясынын ишин колдоо бөлүмүнүн башчысы Евгений Козякты кабыл алган. Жолугушууга ошондой эле КМШ Аткаруу комитетинин кеңешчиси Олег Кулеба, Демократияны, парламентаризмди өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүү жана КМШ ПААга мүчө мамлекеттердин жарандарынын шайлоо укуктарын сактоо боюнча эл аралык институттун аналитикалык бөлүмүнүн башчысы Роман Амбурцев жана аталган институттун эксперти Анатолий Бояшов катышышкан. Жолугушуунун жүрүшүндө миссиянын ишмердүүлүгү жана шайлоо талаштары боюнча сотторго түшкөн арыздар боюнча маалымат алмашуу болгон.

2021-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү соттордун судьялары

(А.Токбаева, Б.Аманалиева, Б.Сатыбалдиев, А.Эшалиев), аппарат кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан БУУнун Качкындар иштери боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын Улуттук кеңсеси менен биргеликте уюштурулган качкындардын башпаанеги жана алардын укуктарын коргоого арналган иш чарага катышышты. Судья А.Эшалиев «Башпаанек берүү боюнча иштерге даттануунун учурдагы практикасы» деген темада баяндама жасаган.

2021-жылдын ноябрында Кыргыз Республикасынан Жогорку сотунун судьясы Н.Мусаев, жергиликтүү соттордун судьялары Ч.Досмамбетова, Р.Каримова Алматы шаарында (Казакстан Республикасы) өткөрүлгөн административдик укук боюнча XII эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышышып, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрүнүн сот, академиялык чөйрөлөрүнүн өкүлдөрү менен маалымат, тажрыйба алмашып, укуктук көйгөйлөрдү, административдик өндүрүштө далилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн жана башка актуалдуу маселелерди талкуулашкан.

Жогорудагыларды жыйынтыктап, сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун сапатын жогорулатуу жана жакшыртуу үчүн соттук коллегия аракетин жумшаарын белгилеп кетем.

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төраганын орун басары Н. Мусаевдин жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2021-жылдагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы *(мындан ары соттук коллегия)* тарабынан 2021-жылы жергиликтүү соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актыларын **кассациялык** тартипте **739** жазык иши каралып, **501** кассациялык даттануулардан – **189** (37,7 %) даттануулар жана **220** прокурордун сунуштарынан **101** (45,9 %) сунуштар канааттандырылган. Ал эми 2020-жылы менен салыштырганда **464** даттануулардан **181** даттануулар жана **220** сунуштардан **94** сунуш канааттандырылган. Тактап айтканда, 2021-жылы 2020-жылга караганда даттануулар **7,97 %** жана сунуштар 7,45 % көбүрөөк канааттандырылгандыгы көрүнөт. Мындан сырткары 2021-жылы **18** (2,4 %) жазык иши өндүрүштөн кыскартылган (2020-жылы **34** иш).

Жалпысынан **290** иш канааттандыруу менен каралды, бул көрсөткүч жалпы каралган иштердин санын **(39,2 %)** түзөт.

Жазык сот өндүрүшүндө **97** соттук материал каралган (2020-ж. – **166** соттук материал).

2021-жылы жалпы **133** жоруктар жөнүндө иш келип түшүп (2020-жылы 113 иш), анын ичинен **21** иш (15,7%) жокко чыгарылып (2020-жылы 28 иш), **94** иш (70,6 %) күчүндө калтырылып (2020-жылы 81иш), **11** иш (8,2 %) өзгөртүлгөн (2020-жылы 15иш).

**Жаңы** жана **кайтадан ачылган жагдайлар** боюнча **177** иш кайрадан каралды (2020-жылы **124** иш), алардын ичинен: **47** арыз **(**26,4 %) канаатандырылган, ал эми **89** (50 %) канааттандыруусуз калтырылган.

Жалпысынан жазык коллегия тарабынан 2021-жылда **1147** иш каралды.

**Кассациялык даттануу менен сунуштардын негизинде каралган жергиликтүү соттордун иш кароосунун сапаты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт (адамдардын саны боюнча):**

жалпысынан **935** адамга карата соттук актылар даттанылган, алардын ичинен:

биринчи инстанциядагы соттордун соттук актылары **551** адамга карата даттанылып (жалпы сандан 58,9 %), алардын ичинен **348** адамга карата күчүндө калтырылып (63,1 %), **120** адамга карата жокко чыгарылып (21,7 %), **83** адамга карата өзгөртүлгөн (15,06 %);

экинчи инстанциядагы соттордун соттук актылары **366** адамга карата даттанылып (жалпы сандан 39,1 %), алардын ичинен **207** адамга карата күчүндө калтырылып (56,5 %), **117** адамга карата жокко чыгарылып (31,9 %), **42** адамга карата өзгөртүлгөн (11,4 %).

**Каралган жазык иштердин түзүлүшү (структурасы) төмөндөгүдөй:**

- **311** иш же 33,26 % менчикке каршы кылмыштар жөнүндө (2020-ж.- **234** же 32,6 %), алардын ичинен уурдоо – **46** (14,7 %), алдамчылык – **149** (47,9 %); каракчылык – **25** (8,03 %); ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же төлөмөр болуу – **30** (9,6 %); башкалар – **61** (19,6) иштер каралаган.
- **117** иш же (12,51 %) өмүргө жана

саламаттыкка каршы кылмыштар (2020-ж. – **104** же 14,4 %), алардын ичинен киши өлтүрүү – **47** (40,1 %); саламаттыкка атайылап оор залал келтирүү – **27** (23,07 %) иштер каралган.

- **140** иш же (14,97 %) кызматтык кылмыштар (2020-ж.- 114 иш же 15,8 %), алардын ичинен кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу – **58** (41,4 %) кызматтык укуктардан аша чабуу – 20 (14,2 %) опузалап пара талап кылуу – **10** (7,1 %); башкалар – 52 (37,1%) иштер каралган.

- **66** иш же 7,06 % калктын саламаттыгына жана коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар (2020-ж. – **63** иш же 8,7 %), алардын ичинен башкага берүү максатын көздөбөгөн баңги каражаттарын мыйзамсыз даярдоо, сатып алуу, сактоо – 16 иш (24,2 %); башкага берүү максатында – **49** иш (74,2 %).

Соттук коллегиянын судьясына 2020-жылы орто эсеп менен 1 айда болгон иш жүктөм **12,1** соттук иш (2020-ж. – 8,9); түздү.

**2021-жылы соттук коллегия камсыздоо бөлүм менен биргеликте төмөндөгү иштерди жүргүзгөн:**

Соттук коллегия жана коллегиянын ишин камсыздоо бөлүмү тарабынан отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан, Жогорку Кеңештен, Өкмөттөн, мамлекеттик органдардан келип түшкөн каттары, ошондой эле жарандардын арыздары, жазык иштери боюнча соттук процесстин катышуучуларынын кайрылуулары негизинен каралып, тийиштүү жооптор берилип келген. **Жалпысынан соттук коллегиянын жана анын ишин камсыздоо бөлүмүнүн өндүрүшүнө 647 кайрылуу түшүп, алар өз убагында чечилип, тийиштүү жооптор берилген.**

Ошондой эле, бөлүмдүн консультанттары тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун информатикалык технология бөлүмүнө негизинен каралган жазык иштер боюнча жалпысынан **474** соттук актылары www.act.sot.kg интернет-ресурсуна жайгаштырууга берилген.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында соттук практикада болуп жаткан көйгөйлүү маселелерге, ошондой эле соттордун ишин уюштуруу, процессуалдык ченемдерин сакталышы, соттук чечимдердин аткарылышы, сот адилеттигин ишке ашырууну камсыздоо маселелери чоң мааниге ээ.

Белгилүү болгондой, сот тутумунда түзүлгөн инстанциялык баскычта апелляциялык инстанциядагы соттордун ролу абдан чоң. Жогору турган соттор тарабынан чыгарылган сот чечимдери тилекке каршы тийиштүү тариздөөнүн жана юридикалык негиздүүлүктүн дайыма эле үлгүсү болуп кызмат кылбайт.

Экинчи инстанция соту биринчи инстанция сотунун мыйзамдуу чечимин негизсиз жокко чыгарган учурлар дагы кездешет. Анын жыйынтыгы болуп Жогорку соттун токтому боюнча облустук соттун чечими жокко чыгарылып, райондук соттун чечими күчүндө калтырылууда. 2021-жылы экинчи инстанциядагы соттордун **64** соттук актылары жокко чыгарылып, биринчи инстанциядагы соттун чечими күчүндө калтырылган. Мындай фактылар өзүнүн чечимдери менен жаңы каталарды жаратпастан, 1-инстанциядагы соттун катасын оңдоого тартылган экинчи

инстанциянын ишинде кетирилбеши керек.

Соттук практикада апелляциялык инстанциядагы соттор өкүм чыгаруудан баш тарткан жана жазык иштерин жаңыдан карап чыгууга биринчи инстанциядагы сотторго негизсиз жөнөткөн учурлар көп учурайт. Башкача айтканда, апелляциялык инстанция соту мыйзамда каралган процессуалдык укуктарын колдонбостон, соттук жоопкерчиликтен кутулуу максатында иш боюнча айыптоо же актоо өкүмүн чыгаруудан баш тартышат.

Экинчи инстанциядагы сот жазык ишин апелляциялык тартипте караган учурда иштин фактылай жагдайларын белгилөөнүн жана жазык мыйзамынын колдонуунун тууралыгын, ошондой эле ишти кароодо жана чечүүдө жазык процесстик мыйзамдын сакталышын текшерүүгө, жазык иши боюнча чогулган тергөөнүн жана биринчи инстанциядагы соттун жыйынтыгын тастыктоочу же четке кагуучу баардык материалдарга жана биринчи инстанциядагы соттук отурумунун жүрүшүнө, анын өкүмүнө толук баа берүүгө толук укуктуу экендигин белгилеп кетким келет.

Мындан сырткары, соттук коллегиянын практикасында жергиликтүү соттун соттук актысы жогорудагы негиздер менен жокко чыгарылып, иш жаңыдан кароого кайра жиберилген, ушул эле иш мурда Жогорку сот тарабынан жергиликтүү соттордун жетишпестиктерин четтетүү жана ишти мыйзамга ылайык так кароо керектигин көрсөтүү менен жаңыдан кароого жиберилген учурлар бар экендигин белгилеп кетүү зарыл.

Мындай фактылардын ар бири аныкталган учурда соттук коллегия мындан ары аларды болтурбоо максатында тийиштүү чараларды көрүүдө.

Ошондой эле, соттук коллегия тарабынан 2021-жылы коррупциялык көрүнүштөгү кызматтык кылмыштар, баңги каражаттар менен байланышкан кылмыштар, жашы жете электердин жана жаш балдардын кол тийбестигине каршы кылмыштар, ошондой эле терроризм, экстремизм менен байланышкан кылмыштар жана башка өзгөчө оор кылмыштардын коомго өтө коркунучтуулугун эске алуу менен, мындай категориядагы иштерди кароодо мыйзамдарды кыйшаюусуз сактоо керектигине, андай кылмыштар үчүн жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарды туура, бир түрдүү пайдалануусуна өзгөчө көңүлү бурулду.

Бардык категориялар боюнча соттук актылардын жокко чыгарылышынын негизги себептери болуп жергиликтүү соттор тарабынан:

1. иштин материалдарынын иликтенбегендиги;
2. соттун тыянактарынын иштин фактылай жагдайларына ылайык келбеши;
3. иштин материалына туура юридикалык баа берилбегендиги;
4. процессуалдык жана материалдык укук ченемдер туура колдонулбагандыгы саналат.

Анын негизинде соттук актылар жокко чыгарылуу менен негизинен тийиштүү сотторго кайра соттук кароого кассациялык инстанциясы тарабынан жөнөтүлүүдө. Азыркы күндө КР ЖПКнин негизинде иш боюнча материалдык нормалары бузулуусу аныкталганда, КР Жогорку соту жаңы чечим кабыл ала баштады.

Учурда кызматтык кылмыштар боюнча, чечкиндүү иш чаралар көрүлүп жаткандыгына карабастан айрым соттор тарабынан мыйзамсыз, негизсиз чечимдер кабыл алынууда.

Кызматтык кылмыштары үчүн жоопкерчилик мыйзамдарын соттор катуу сактап, аталган категориядагы иштерди кароодо соттор ар бир иштин жагдайын кылдат изилдеп, кызмат адамынын ыйгарым укуктарынын чектерин аныкташы керек.

Кээ бир кызматтык кылмыштарга байланышкан иштерди кароодо жазык мыйзамдарынын туура эмес колдонулгандыгы жөнүндө фактылар боюнча судьялардын мыйзам ченемдеринин маанисине ар кандай түшүндүрмө берип, айыпталуучунун аракеттерин туура эмес квалификациялап жаткандыктарын айгинелейт жана дайындалган жаза чектери күнөөлүү адамдын жеке мүнөзү менен кетирген жазыгынын ордугуна дал келбей жаткандыгын көрсөтөт.

Кылмыш субъектисин аныктоодо да катачылыктарга жол берилүүдө. Кызмат адамынын ыйгарым укуктарынын чектери, кызматтык милдеттердин бузулушу менен келтирилген зыяндын ортосундагы себептүү байланыш дайыма иликтенбейт жана аныкталбайт.

Ал эми, соттук актылардын өзгөртүлүшүнүн негизги себептери болуп:

1. соттолгондорго берилген жазанын жасалган кылмыштын оордугуна жана соттолгон адамдын мүнөздөмөсүнө ылайык келбеши;

2. соттолуучунун аракетинин туура эмес квалификацияланышы;

3. кылмыштын өнөкөттүгүн туура аныкташпагандыгы саналууда.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин, ЖКнин жана башка жаңы мыйзамдар жана ошондой эле соттук тажрыйбада кездешүүчү маселелер соттук коллегиянын кеңешмелеринде талкууланып жатат.

Мындан сырткары, 2021-жылы Республикабызда жарыяланган өзгөчө абалга байланыштуу көптөгөн иш-чаралар жүргүзүлбөй калган, анын ичинде жыл сайын жер-жерлеринде жергиликтүү сотторго методикалык жана практикалык жардам көрсөтүлүп келген иш-чара 2021-жылы жүргүзүлбөй калган, бирок ага карабастан жергиликтүү соттордун суроолоруна ВКС аркылуу жана кат түрүндө жооп берилип жатты.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2022-жылдын 25-февралы Бишкек шаары

**№ 8**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө**

*(КР ЖС Пленумунун 2022-жылдын 22-апрелиндеги N 11 токтомунун редакциясына ылайык)*

"Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 4-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндө Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м к ы л а т :**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеши төмөнкү курамда шайлансын:

Илимий-консультациялык кеңештин төрагасы **Базарбеков Замирбек Курамаевич** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы;

Илимий-консультациялык кеңештин катчысы **Сыдыков Аскат Шаршекович** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

Илимий-консультациялык кеңештин жазык-укук маселелери боюнча секциясынын жетекчиси **Мусаев Нурлан Алишерович**- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары,

секция мүчөлөрү:

1) **Токтомамбетов Кенешбек Божокоевич** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

2) **Гилязетдинова Инара Ильгизовна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

3) **Атакулов Сулайманкул Солтонкулович** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

4**) Карабеков Алмаз Маматбекович** - Бишкек шаардык сотунун судьясы;

5) **Воронцова Ирина Николаевна** - Бишкек шаардык сотунун судьясы;

6) **Джаналиев Бекболот Болотбекович** - Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун төрагасы;

7) **Термечиков Мирлан Арстанбекович** - Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы;

8) **Шукурбеков Азизбек Шарипович** - Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жазык, жарандык сот өндүрүшү жана соттун чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө башкармалыгынын башчысы;

9) **Батырбаев Бактыбек Сулайманович** - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин жазык укугу жана жазык процесси кафедрасынын профессору, юридика илимдеринин кандидаты;

10) **Сулайманова Назгуль Назарбековна** - Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультетинин жазык укугу жана криминология кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, профессор;

11) **Сманалиев Кынатбек Мойнокович** - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин деканы, юридика илимдеринин доктору, профессор;

12) **Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна** - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы академиясынын башчысынын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор;

13) **Адамбекова Айлен Догдурбековна** - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы академиясынын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча №4 факультетинин улук илимий кызматкери, юридика илимдеринин доктору;

14) **Ким Олег Дмитриевич** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын криминалистика жана соттук экспертиза кафедрасынын профессору, юридика илимдеринин доктору;

15) **Эсенбекова Асия Таштанбековна** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жазык укугу кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

16) **Жумашев Азамат Бейшенбаевич** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жазык процесси жана прокурордук көзөмөл кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

17) **Кубатбекова Айнура Сатымбаевна** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жазык укугу кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

18) **Кулбаев Аслан Касымалиевич** - милициянын отставкадагы полковниги, юридика илимдеринин кандидаты.

Илимий-консультациялык кеңештин жарандык жана экономикалык укук маселелери боюнча секциясынын жетекчиси **Давлетов Айбек Абубакирович** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары,

секция мүчөлөрү:

1) **Арстанбаева Дилара Эркиновна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

2) **Мельникова Маргарита Павловна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

3) **Мухамеджанов Абылай Жумакадырович** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

4) **Сейдакматова Аида Асанбековна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

5) **Айтбаева Индира Мукашевна** - отставкадагы судья;

6) **Садыкова Гулмира Сартовна** - Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары;

7) **Кудайбергенов Алмазбек Нурсеитович** - Бишкек шаардык сотунун судьясы;

8) **Калыбаев Алмаз Жээнкулович** - Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун төрагасы;

9) **Давлетбаева Мадина Акремовна** – юрист;

10**) Раманкулов Кубанычбек Советович** - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин жарандык укук жана процесс кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу;

11) **Ниязова Анара Натуевна** - Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультетинин жарандык укук жана процесс кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору;

12) **Аленкина Наталья Борисовна** - Борбордук Азиядагы Америкалык университеттин укук программасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

13) **Муратбекова Салтанат Муратбековна** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридика академиясынын конституциялык жана муниципалдык укугу кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

14) **Темирбаев Азат Абдупаязович** - Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жазык, жарандык сот өндүрүшү жана соттун чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө башкармалыгынын, жарандык сот өндүрүш бөлүмүнүн прокурору.

Илимий-консультациялык кеңештин административдик укук маселелери боюнча секциясынын жетекчиси **Бакирова Нургуль Жакыповна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары,

секция мүчөлөрү:

1) **Аманалиева Бактыгуль Кыдыргычевна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

2) **Акматов Болотбек Джусупбекович** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

3) **Садырова Чинара Идрисовна** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;

4) **Сатыбалдиев Болотбек Топчубаевич** – Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары;

5) **Рыбалкина Антонина Дмитриевна** - Бишкек шаардык сотунун судьясы;

6) **Досмамбетова Чолпон Монолдоровна -** Бишкек шаарынын административдик сотунун төрагасы;

7) **Рустамбаев Алишер Абдукаримович** - Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жазык жана жарандык сот өндүрүшү башкармалыгынын жарандык сот өндүрүшү бөлүмүнүн прокурору;

8) **Калыбаева Алия Абдысатаровна** - Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультетинин соттук экспертиза кафедрасынын

башчысы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент;

9) **Карабаев Бакыт Рысбекович** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын административдик жана финансы укугу кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

10) **Салиев Азамат Рахимбердиевич** - юрист;

11) **Абакирова Асель Мырзакановна** - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин доценти, юридика илимдеринин кандидаты;

12) **Иманалиев Эрмек Калмурзаевич** - «Иманалиев и партнеры» юридикалык компаниянын директору;

13) **Кадырова Айжан Аалыевна** – «Институт публичного права» мекемесинин директору.

14) **Базаралиева Анархан Мамбетовна** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучусу.

*(КР Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 22-апрелиндеги № 11 токтомуна ылайык 14-пункт менен толукталды)*

2. Ушул токтом кабыл алынганына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2021-жылдын 26-февралындагы № 5 “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун Төрагасы** **З. Базарбеков**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т. Чаргынова**

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПЛЕНУМА ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

25 февраля 2022 года г. Бишкек

## № 8
## Об утверждении состава Научно-консультативного совета при Верховном суде Кыргызской Республики

*(В редакции постановления Пленума Верховного суда КР от 22 апреля 2022 года № 11)*

Руководствуясь пунктом 4 статьи 18 Конституционного Закона Кыргызской Республики «О Верховном суде Кыргызской Республики и местных судах» и Положением о Научно-консультативном совете при Верховном суде Кыргызской Республики, Пленум Верховного суда Кыргызской Республики

**п о с т а н о в л я е т:**

1. Избрать Научно-консультативный совет при Верховном суде Кыргызской Республики в следующем составе:

председателем Научно-консультативного совета - **Базарбекова Замирбека Курамаевича,** председателя Верховного суда Кыргызской Республики;

секретарем Научно-консультативного совета - **Сыдыкова Аската Шаршековича**, судью Верховного суда Кыргызской Республики.

Руководителем секции по уголовно-правовым вопросам - **Мусаева Нурлана Алишеровича**, заместителя председателя Верховного суда Кыргызской Республики.

членами секции:

1) **Токтомамбетова Кенешбека Божокоевича** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

2) **Гилязетдинову Инару Ильгизовну** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

3) **Атакулова Сулайманкула Солтонкуловича** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

4) **Карабекова Алмаза Маматбековича** - судью Бишкекского городского суда;

5) **Воронцову Ирину Николаевну** - судью Бишкекского городского суда;

6) **Джаналиева Бекболота Болотбековича** - председателя Октябрьского районного суда г.Бишкек;

7) **Термечикова Мирлана Арстанбековича** - судью Первомайского районного суда г. Бишкек;

8) **Шукурбекова Азизбека Шариповича** - начальника Управления уголовного, гражданского судопроизводства и исполнения судебных решений Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики;

9) **Батырбаева Бактыбека Сулаймановича** - профессора кафедры уголовного права и уголовного процесса юридического факультета Кыргызского Нацио-

нального университета имени Ж. Баласагына, кандидата юридических наук;

10) **Сулайманову Назгуль Назарбековну** - заведующую кафедрой уголовного права и криминологии юридического факультета Кыргызско-Российского Славянского университета имени Б. Ельцина, доктора юридических наук, профессора;

11) **Сманалиева Кынатбека Мойноковича** – декана юридического факультета Кыргызского Национального университета имени Ж. Баласагына, доктора юридических наук, профессора;

12) **Джоробекову Арзыгуль Мамаюнусовну** - заместителя начальника Академии Министерства внутренних дел Кыргызской Республики имени генерал-майора милиции Э.Алиева, доктора юридических наук, профессора;

13) **Адамбекову Айлен Догдурбековну** - старшего научного сотрудника факультета №4 научных и научно-преподавательских кадров Академии Министерства внутренних дел Кыргызской Республики имени генерал-майора милиции Э.Алиева, доктора юридических наук;

14) **Ким Олега Дмитриевича** - профессора кафедры криминалистики и судебных экспертиз Кыргызской Государственной юридической академии при Правительстве Кыргызской Республики, доктора юридических наук;

15) **Эсенбекову Асию Таштанбековну -** доцента кафедры уголовного права Кыргызской Государственной юридической академии при Правительстве Кыргызской Республики, кандидата юридических наук;

16) **Жумашева Азамата Бейшенбаевича -** доцента кафедры уголовного процесса и прокурорского надзора Кыргызской Государственной юридической академии при Правительстве Кыргызской Республики, кандидата юридических наук;

17) **Кубатбекову Айнуру Сатымбаевну** - доцента кафедры уголовного права Кыргызской Государственной юридической академии при Правительстве Кыргызской Республики, кандидата юридических наук;

18) **Кулбаева Аслана Касымалиевича** - полковника милиции в отставке, кандидата юридических наук.

Руководителем секции по гражданским и экономическим правовым вопросам – **Давлетова Айбека Абубакировича**, заместителя председателя Верховного суда Кыргызской Республики,

членами секции:

1) **Арстанбаеву Дилару Эркиновну** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

2) **Мельникову Маргариту Павловну** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

3) Мухамеджанова Абылай Жумакадыровича - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

4) **Сейдакматову Аиду Асанбековну** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

5) Айтбаеву Индиру Мукашевну - судью в отставке;

6) **Садыкову Гульмиру Сартовну -** заместителя председателя Бишкекского городского суда;

7) **Кудайбергенова Алмазбека Нурсеитовича** - судью Бишкекского городского суда;

8) **Калыбаева Алмаза Жээнкуловича** - председателя Первомайского районного суда г.Бишкек;

9) **Давлетбаеву Мадину Акремовну** - юриста;

10) **Раманкулова Кубанычбека Советовича** - заведующего кафедрой гражданского права и процесса юридического факультета Кыргызского Национального университета имени Ж. Баласагына, кандидата юридических наук, и.о. профессора;

11) **Ниязову Анару Натуевну** - заведующую кафедрой гражданского права и процесса юридического факультета Кыргызско-Российского Славянского универ-ситета имени Б. Ельцина, доктора юридических наук;

12) **Аленкину Наталью Борисовну** - доцента программы права Американского университета Центральной Азии, кандидата юридических наук;

13) **Муратбекову Салтанат Муратбековну** - доцента кафедры конститу-ционного и муниципального права Кыргызской Государственной юриди-ческой академии при Правительстве Кыргызской Республики, кандидата юридических наук;

14) **Темирбаева Азата Абдупаязовича** - прокурора отдела гражданского судопроизводства Управления уголовного, гражданского судопроизводства и исполнения судебных решений Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики.

Руководителем секции по административным правовым вопросам - **Бакирову Нургуль Жакыповну**, заместителя председателя Верховного суда Кыргызской Республики,

членами секции:

1) **Аманалиеву Бактыгуль Кыдыргычевну** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

2) **Акматова Болотбека Джусупбековича** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

3) **Садырову Чинару Идрисовну** - судью Верховного суда Кыргызской Республики;

4) **Сатыбалдиева Болотбека Топчубаевича** - заместителя председателя Бишкекского городского суда;

5) **Рыбалкину Антонину Дмитриевну** - судью Бишкекского городского суда;

6) **Досмамбетову Чолпон Монолдоровну** - председателя Административного суда города Бишкек;

7) **Рустамбаева Алишера Абдукаримовича** - прокурора отдела гражданского судопроизводства управления уголовного и гражданского судопроизводства Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики;

8) **Калыбаеву Алию Абдысатаровну** - заведующего кафедрой судебной экспертизы юридического факультета Кыргызско-Российского Славянского университета имени Б. Ельцина, кандидата юридических наук, доцента;

9) **Карабаева Бакыта Рысбековича** - доцента кафедры административного и финансового права Кыргызской Государственной юридической академии при Правительстве Кыргызской Республики, кандидата юридических наук;

10) **Салиева Азамата Рахимбердиевича** - юриста;

11) **Абакирову Асель Мырзакановну** - доцента Кыргызского Националь-

ного университета имени Ж. Баласагына, кандидата юридических наук;

12) **Иманалиева Эрмека Калмурзаевича** - Генерального директора юридической компании «Иманалиев и партнеры»;

13) **Кадырову Айжан Аалыевну** - директора Учреждения «Институт публичного права».

14**) Базаралиеву Анархан Мамбетовну** – преподавателя Высшей школы правосудия при Верховном суде Кыргызской Республики.

*(дополнен п. 14 постановлением Пленума Верховного суда КР от 22 апреля 2022 года № 11)*

2. В связи с принятием настоящего постановления признать утратившими силу постановления Пленума Верховного суда Кыргызской Республики «Об избрании состава Научно-консультативного совета при Верховном суде Кыргызской Республики» от 26 февраля 2021 года №5.

**Председатель Верховного суда
Кыргызской Республики** **З. Базарбеков**

**Секретарь Пленума,
судья Верховного суда
Кыргызской Республики** **Т. Чаргынова**

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2021-жылдагы иши боюнча маалымат (2020-жылга салыштырмалуу)

Кыргыз Республикасынын Конститу-циясынын 98-беренесине ылайык Жогорку соту сот бийлигинин эң жогорку органы болуп саналат жана жарандык, жазык, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча сот процессинин катышуучуларынын кайрылуулары боюнча мыйзамда аныкталган тартипте сот чечимдерин кайра кароону жүзөгө ашырат. Жогорку соттун Пленуму сот тажрый-басынын маселелери боюнча түшүнүк берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегияларынын статистикалык маалыматтары боюнча 2020-жылы биринчи жарым жылдыгында каралган соттук иштер төмөндөгүдөй мүнөздө маалымданат.

### Кассациялык инстанциядагы сотко соттук иштердин жана соттук материалдардын келип түшүшү жана каралышы

### Кассациялык инстанциядагы сотко соттук иштердин келип түшүшү

2021-жылы Кыргыз Республика-сынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте 4565 соттук иш түшкөн (2020-ж. – 4202), 2020-жылга салыштырмалуу 8,64% көбөйгөн, алардын ичинен, иштер:

- жазык – 812 (2020-ж. - 764), 6,28% көбөйгөн;
- жарандык – 2545 (2020-ж. - 2290), 14% көбөйгөн;
- экономикалык – 0 (2020 ж. - 48);
- административдик – 1071 (2020-ж. - 977), 9,62% көбөйгөн;
- жоруктар жөнүндө иштер – 137 (2020-ж. - 123), өткөн жылга салыштырмалуу 11,38% көбөйгөн.

### Кассациялык инстанциядагы сотко соттук материалдардын келип түшүшү

Отчёттук мезгил ичинде 1693 соттук материалдар түшкөн, ал эми 2020-жылы 1363 соттук материалдар түшкөн, 2021-жылы 24,21% көбүрөөк түшкөн, алардын ичинен:

- жазык иштери боюнча - 206 (2020-ж. - 230), 10,43% төмөгдөгөн;
- жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча - 307 (2020-ж. - 171), 79,53% көбөйгөн;
- жоруктар жөнүндө жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча – 1 (2020-ж. - 6), 83,33% төмөндөгөн;
- жарандык иштер боюнча – 1047 (2020-ж. - 808), 29,58% көбөйгөн;
- экономикалык иштер боюнча – 0 (2020-ж. - 22);
- административдик иштер боюнча – 132 (2020-ж. - 126), 2020-ж. салыштырмалуу 4,76% көбөйгөн.

### Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан соттук иштердин каралышы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиялары тарабынан 2021-жылы 3504 соттук иш каралган (2020-ж. – 3510 иш), 2020-ж. салыштырмалуу 0,17% төмөндөгөн, алардын ичинен, иштер:

- жазык - 739 (2020-ж. - 718), 2,92% көбөйгөн;
- жарандык - 1789 (2020-ж. - 1845), 3,04% төмөндөгөн;
- экономикалык - 0 (2020-ж. - 75);

- административдик – 843 (2020-ж. - 759), 11,07% көбөйгөн;

- жоруктар жөнүндө иштер – 133 (2020-ж. - 113), 2020-ж. салыштырмалуу 17,70% көбөйгөн.

**Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан соттук материалдардын каралышы**

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 2021-жылы 1094 соттук материал каралган (2020-ж. – 1095), 2020-жылга салыштырмалуу 0,09% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- жазык иштери боюнча – 97 (2020-ж. - 166), 41,57% төмөндөгөн;

- жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча – 177 (2020-ж. - 124), 42,74% көбөйгөн;

- жоруктар жөнүндө жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча – 1 (2020-ж. - 3), 66,67% төмөндөгөн;

- жарандык иштер боюнча – 739 (2020-ж. - 649), 13,87% көбөйгөн;

- экономикалык иштер боюнча – 0 (2020-ж. - 37);

- административдик иштер боюнча – 80 (2020-ж. - 116), 2020-жылга салыштырмалуу 31,03% төмөндөгөн.

**Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан жазык иштердин жана жазык иштери боюнча соттук материалдардын каралышы**

**Жазык иштердин каралышы**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2021-жылы 935 адамга карата 739 жазык иши каралган, мурунку отчёттук мезгилге салыштырмалуу 2,92% көбүрөөк иш каралган (2020-ж. – 897 адамга карата 718 иш).

501 (2020-ж. – 464) кассациялык даттануулардын ичинен канааттандырылганы - 189 (2020-ж. – 181), 4,42% көбөйгөн.

220 (2020-ж. – 220) прокурордун сунуштарынан канааттандырылганы - 101 иш (2020-ж. - 94), 7,45% көбөйгөн.

18 иш боюнча кассациялык өндүрүш кыскартылган (2020-ж. - 34), 2020-жылга салыштырмалуу 47,06% төмөндөгөн.

85 адамга карата 59 актоо өкүмү кассациялык тартипте даттанылган, анын ичинен:

- 67 адамга карата же 78,82% 1 жана 2-инстанциялардын өкүмдөрү күчүндө калтырылган;

- 18 адамга карата же 21,18% 1 жана 2-инстанциялардын өкүмдөрү жокко чыгарылган.

**Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттор тарабынан каралган жазык иштердин сапаты (адамга карата)**

2021-жылы жалпысынан 935 адамга карата соттук актылар даттанылган (2020-ж. - 897), 2020-жылга салыштырмалуу 4,24% көбөйгөн.

551 адамга карата чыгарылган биринчи инстанциянын соттук актылары даттанылган (2020-ж. - 432), 2020-жылга салыштырмалуу 27,55% көбөйгөн, алардын ичинен:

- 348 адамга карата күчүндө калтырылган (2020-ж. - 269), 29,37% көбөйгөн;

- 120 адамга карата жокко чыгарылган (2020-ж. – 94), 27,66% көбөйгөн;

- 83 адамга карата өзгөртүлгөн (2020-ж. – 69), 20,29% көбөйгөн.

366 адамга карата чыгарылган

апелляциялык инстанциянын соттук актылары даттанылган (2020-ж. - 431), 2020-жылга салыштырмалуу 15,08% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- 207 адамга карата күчүндө калтырылган (2020-ж. - 245), 15,51% төмөндөгөн;

- 117 адамга карата жокко чыгарылган (2020-ж. - 120), 2,50% төмөндөгөн;

- 42 адамга карата өзгөртүлгөн (2020-ж. - 66), 36,36% төмөндөгөн.

Даттанууну жана сунушту чакыртып алууга байланыштуу жазык иштери боюнча 18 адамга карата кассациялык өндүрүш кыскартылган (2020-ж. – 34), 2020-жылга салыштырмалуу 47,06% төмөндөгөн.

**Кассациялык тартипте каралаган жазык иштердин негизги категориялары**

**Менчикке каршы кылмыштар боюнча** - 311 иш же 42,08% (2020-ж. - 234 же 32,6%), 2020-жылга салыштырмалуу 32,91% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 204-бер. (алдамчылык) - 149 иш (2020-ж. – 105), 41,90% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 200-бер. (уурдоо) - 46 иш (2020-ж. - 36), 27,78% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 205-бер. (ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу) - 30 иш (2020-ж. - 22), 36,36% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 202-бер. (каракчылык) - 25 иш (2020-ж. - 23), 8,70% көбөйгөн;

- башка кылмыштар – 61 иш (2020-ж. - 48), 27,08% көбөйгөн.

**Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтык кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар боюнча**

- 140 иш же 18,94% (2020-ж. – 114 же 15,8%), 2020-ж. салыштырмалуу 22,81% көбөйгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 320-бер. (кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу) - 58 иш (2020-ж. - 50), 16% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 326-бер. (опузалап пара алуу) - 10 иш (2020-ж. - 14), 28,57% төмөндөгөн;

- КРнын КЖКнин 321-бер. (бийликтен аша чабуу) - 20 иш (2020-ж. – 23), 13,04% төмөндөгөн;

- башка кылмыштар – 52 иш (2020-ж. - 27), 92,59% көбөйгөн.

**Өмүргө же ден соолукка каршы кылмыштар боюнча** - 117 иш же 15,83% (2020-ж. - 104 же 14,4%), 2020-жылга салыштырмалуу 12,50% көбөйгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 130-бер. (киши өлтүрүү) - 47 иш (2020-ж. – 45), 4,44% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 138-бер. (ден соолукка оор зыян келтирүү) - 27 иш (2020-ж. - 30), 10% төмөндөгөн;

- башка кылмыштар – 43 (2020-ж. - 29), 48,28% көбөйгөн.

**Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштар боюнча** - 66 иш же 8,93% (2020-ж. – 63 же 8,7%), 2020-жылга салыштырмалуу 4,76% көбөйгөн, алардын ичинен:

- КРнын КЖКнин 267-бер. (баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо) - 49 иш (2020-ж. - 42), 16,67% көбөйгөн;

- КРнын КЖКнин 268-бер. (баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо) - 16 иш (2020-ж. – 20), 20% төмөндөгөн;
- башка кылмыштар – 1 (2020-ж.- 1).

**Жазык иштер боюнча соттук материалдарын каралышы**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2021-жылы 97 соттук материал караган (2020-ж. – 166), мурунку отчёттук мезгилге салыштырмалуу 41,57% аз каралган.

**Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча** 177 соттук материал караган (2020-ж. - 124), 2020-жылга салыштырмалуу 42,74% көбөйгөн, алардын ичинен:

- канааттандырылганы – 63 (2020-ж. - 40), 57,50% көбөйгөн;
- канаттандыруусуз калтырылганы – 114 (2020-ж. - 84), 2020-жылга салыштырмалуу 35,71% көбөйгөн.

**Жоруктар жөнүндө иштердин жана соттук материалдардын кассациялык тартипте каралышы**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 2021-жылы жоруктар жөнүндө 138 адамга карата 133 иш каралган (2020-ж. – 113 иш), 2020-жылга салыштырмалуу 17,70% көбөйгөн.

Кассациялык даттануу менен сунуштардын негизинде каралган жергиликтүү соттордун жоруктар жөнүндө иштерин кароо сапаты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт:

Күчүндө калтырылганы – 94 соттук актысы же 68,12% (2020-ж. – 81 или 65,3%), 16,05% көбөйгөн, алардын ичинен:

- биринчи инстанциянын соттук актылары – 71 (2020-ж. - 58), 22,41% көбөйгөн;
- апелляциялык инстанциянын соттук актылары – 23 (2020-ж. - 23).

Жокко чыгарылганы – 33 соттук акт же 23,91% (2020-ж. – 28 же 22,6%), 17,86% көбөйгөн, алардын ичинен:

- биринчи инстанциянын соттук актылары – 27 (2020-ж. - 17), 58,82% көбөйгөн;
- апелляциялык инстанциянын соттук актылары – 6 (2020-ж. - 11), 45,45% төмөндөгөн.

Апелляциялык инстанциянын 11 соттук актысы же 7,97% өзгөртүлгөн (2020-ж. – 15 же 12,1%), 2020-ж. салыштырмалуу 26,67% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- биринчи инстанциянын соттук актылары – 9 (2020-ж. - 0);
- апелляциялык инстанциянын соттук актылары – 2 (2020-ж. - 15), 2020-ж. салыштырмалуу 86,67% төмөндөгөн.

**Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча** 1 жоруктар жөнүндө соттук материал каралган (2019-ж. - 3), 2020-ж. салыштырмалуу 66,67% төмөндөгөн.

**Жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2021-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер – 9,08;

- соттук материалдар – 2,8.

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 11,9 ишти түзгөн.

(Салыштырмалуу 2020-жылы 1 айга болгон иш жүктөм, жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча – 6,5; соттук материалдар боюнча – 2,4; жалпы - 8,9 ишти түзгөн).

**Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан жарандык, экономикалык иштердин жана соттук материалдардын каралышы**

**Жарандык жана экономикалык иштердин каралышы**

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан кассациялык тартипте 1789 иш каралган, 2020-жылдын ушул эле мөөнөтүндөгү көрсөткүчкө салыштырмалуу 3,04% аз каралган (2020-ж. - 1845).

**Кассациялык даттануунун жыйын-тыгы боюнча жергиликтүү соттор тарабынан каралган жарандык жана экономикалык иштердин сапаты**

2021-жылы даттанылган соттук актылар:

**1) биринчи инстанциядагы соттордун** - 994 же 55,56% (2020-ж. – 982 же 53,2%), 2020-ж. салыштырмалуу 1,22% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы – 751 (2020-ж.– 682), 10,12% көбөйгөн;

- жокко чыгарылганы – 137 (2020-ж. - 164), 16,46% төмөндөгөн;

- өзгөртүлгөнү – 5 (2020-ж. - 16), 68,75% төмөндөгөн;

- мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы - 101 (2020-ж. – 120), 2020-ж. салыштырмалуу 15,83% төмөндөгөн.

**2) апелляциялык инстанциядагы соттордун** – 795 же 44,44% (2020-ж. – 863 же 46,7%), 2020-ж. салыштырмалуу 7,88% төмөндөгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы – 515 (2020-ж.– 527), 2,28% төмөндөгөн;

- жокко чыгарылганы – 161 (2020-ж. - 185), 12,97% төмөндөгөн;

- өзгөртүлгөнү – 3 (2020-ж. - 8), 62,50% төмөндөгөн;

- мөөнөтүн калыбына келтирүүдөн баш тартылганы - 116 (2020-ж. – 143), 2020-жылга салыштырмалуу 18,88% төмөндөгөн.

**Кассациялык тартипте каралган жарандык жана экономикалык иштердин негизги категориялары**

- бүтүмдөрдү жарактуу/жараксыз деп таануу – 318 же 17,77% (2020-ж. – 338 же 18,3%), 2020-жылга салыштырмалуу 5,92% төмөндөгөн;

- эмгек талаштары – 151 же 8,44% (2020-ж. - 250 же 13,5%), 39,60% төмөндөгөн, алардын ичинен мурунку жумушуна кайрадан калыбына келтирүү – 99 же 5,53% (2020-ж. – 142 же 7,7%), 30,28% төмөндөгөн;

- турак жайдан чыгаруу боюнча – 168 же 9,39% (2020-ж. - 174 же 9,4%), 3,45% төмөндөгөн;

- карызды өндүрүү боюнча – 179 же 10,01% (2020-ж. - 187 же 10,1%), 4,28% төмөндөгөн;

- үй-бүлөлүк мамилелерден келип чыккан иштер боюнча – 152 же 8,50% (2020-ж. 188 же 10,2%), 19,15% төмөндөгөн;

- материалдык зыяндын ордун толтуруу боюнча – 74 же 4,14% (2020-ж. - 76 же 4,1%), 2,63% төмөндөгөн;

- мурастоо укуктары боюнча – 98 же

5,48% (2020-ж. – 120 же 6,5%), 2020-ж. салыштырмалуу 18,33% төмөндөгөн.

**Жарандык иштер боюнча соттук материалдарын каралышы**

2021-жылы 739 жарандык иштер боюнча соттук материалдар каралган, 2020-жылдын ушул эле мөөнөтүнө салыштырмалуу 13,87% көбүрөөк каралган (2020-ж. - 649 соттук материал).

**Жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2021-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- жарандык жана экономикалык иштер - 10,6;
- соттук материалдар – 4,3;

Жалпысынан судьянын 1 айга болгон иш жүктөмү 15 ишти түзгөн.

(Салыштырмалуу 2020-жылы бир айга болгон иш жүктөм, жарандык иштер боюнча – 9,6; соттук материалдар боюнча - 3,4; жалпысынан – 13 ишти түзгөн).

**Кассациялык инстанциядагы сот тарабынан административдик иштердин жана соттук материалдардын каралышы**

**Административдик иштердин каралышы**

2021-жылы 843 административдик иштер каралган, өткөн жылга салыштырмалуу 11,07% көбөйгөн (2020-ж. – 759 иш).

**Кассациялык даттануунун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү соттордун караган административдик иштеринин сапаты**

2021-жылы даттанылган соттук актылар:

**1) биринчи инстанциядагы соттордун** – 570 же 67,62% (2020-ж.– 501 же 66%), 2020-жылга салыштырмалуу 13,77% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы – 416 (2020-ж.– 400), 4% көбөйгөн;
- жокко чыгарылганы – 152 (2020-ж. – 101), 50,50% көбөйгөн;
- өзгөртүлгөнү - 2 (2020-ж. – 0).

**2) апелляциялык инстанциядагы соттордун** - 273 же 32,38% (2020-ж. – 258 же 34%), 2020-жылга салыштырмалуу 5,81% көбөйгөн, алардын ичинен:

- күчүндө калтырылганы – 144 (2020-ж. – 148), 2,70% төмөндөгөн;
- жокко чыгарылганы – 123 (2020-ж. – 107), 14,95% көбөйгөн;
- өзгөртүлгөнү - 4 (2020-ж. - 2), 100% көбөйгөн;
- кассациялык даттануу кароосуз калтырылганы – 2 (2020-ж. - 1), 2020-ж. салыштырмалуу 100% көбөйгөн.

**Кассациялык тартипте каралган административдик иштердин негизги категориялары**

- жер тилкелери боюнча кабыл алынган административдик актыны же административдик органдын аракеттерин (аракетсиздигин) толук же бир бөлүгүн талашуу жөнүндө - 497 же 58,96% (2020-ж. – 474 же 62,5%), 4,85% көбөйгөн;
- административдик органдын административдик актысын толук же бир бөлүгүн жараксыз деп таануу жөнүндө - 77 же 9,13% (2020-ж. – 58 же 7,6%), 32,76% көбөйгөн;
- административдик органдын аракет-терин (аракетсиздиктерин) толук же бир бөлүгүн жараксыз деп таануу жөнүндө 45 же 5,34% (2020-ж. – 48 же 6,3%), 2020-ж. салыштырмалуу 6,25% төмөндөгөн.

**Административдик иштер боюнча соттук материалдарын каралышы**

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан 80 административдик иштер боюнча соттук материалдар каралган, (2020-ж. – 116), 2020-жылга салыштырмалуу 31,03% аз каралган.

**Административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын иш жүктөмү**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясынын 2021-жылда орточо эсеп менен 1 айга болгон иш жүктөмү төмөндөгүнү түзгөн:

- административдик иштер – 11,7;
- соттук материалдар – 1,1.

